| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЗБЕКОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектеги он бешинчи сессиясы**

Орозбеков айылы 2023-жылдын 01-февралы

## ТОКТОМ № 87

**Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетин бекитүү, 2024-2025-жылдарга бюджеттин долбоору жөнүндө**

Орозбеков айыл өкмөтүнүн каржы-экономика бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу З.Максутовдун Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолдуу көлөмү «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси» мыйзамдардын негизинде түзүлүп, сунушталып жаткандыгы жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Орозбеков айылдык кенешинин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралгандыгын эске алуу менен Орозбеков айылдык кеңешинин **токтом кылат**:

1. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2023-жылгы бюджетинин киреше бөлүгү атайын каражаты менен 23214,8 миң сом, чыгашалар боюнча жетишпестигин эске алуу менен 23214,8 миң сом өлчөмүндө №1,2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү атайын каражаты менен 23353,1 мин сом өлчөмүндө №3-4 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү атайын аражаты менен 23515,2 мин сом өлчөмүндө № 5-6 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2023-жылгы бюджетинен чыгашалардын корголгон беренелерине каралган каражаттар, штаттык бирдиктер нормативдик актылар өзгөргөндө азайтылышы же көбөйтүлүшү мүмкүн.
5. Айыл өкмөтүнө бюджеттик мекеме, уюмдар тарабынан бюджеттик каражаттарды регионалдык казына бөлүмүнө кириштелбей туруп сарптоого тыюу салынсын.
6. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2023-жылга каралган бюджети 2023-жылдын январынан баштап ишке киргизилсин

**Орозбеков айылдык кенешинин төрагасы** **О.Ибрагимов**